# 2012-жылдын биринчи чейрегиндеги акча-кредит саясаты жөнүндө отчет

## Акча-кредит саясатында орун алган негизги тенденциялар

2012-2014-жылдарга каралган акча-кредит саясатынын негизги багыттарына ылайык, Өкмөттүн экономиканын туруктуу өсүшү боюнча пландарын ишке ашырууга өбөлгө түзгөн, инфляциянын орточо арымын кармап туруу – 2012-жылдагы акча-кредит саясатынын негизги максаты болуп саналат.

Улуттук статистка комитетинин маалыматтарына ылайык 2012-жылдын биринчи чейрегинде инфляция деңгээлин мүнөздөгөн керектөө бааларынын индексинин өсүшү 0,9 пайызды (жылдык мааниде 2011-жылдын март айына карата 2012-жылдын март айында инфляция 0,2 пайызды түзгөн), ал эми 2011-жылдын тиешелүү мезгилинде инфляциянын деңгээли 6,4 пайызды (жылдык мааниде 2010-жылдын март айына карата 2011-жылдын март айында инфляция 20,8 пайызды) түзгөн. Отчеттук мезгил ичинде инфляция арымынын басаңдоосу катуулатылган акча-кредит саясатын жүргүзүүнүн 2011-жылдагы мол түшүмдүүлүктөн улам азык-түлүк товарларына карата дүйнөлүк баанын өсүшүнүн басаңдоосунун уланып жатышы алкагында, нан азыктары жана таруу, жемиштер жана жашылчалар, эт, кант сыяктуу негизги азык-түлүк товаларына баалардын төмөндөшүнүн шайкеш келиши менен шартталган.

Өлкөдө инфляция арымынын төмөндөгөндүгүнө карабастан, инфляциялык тобокелдиктердин сакталып турушун, анын ичинде мамлекеттик бюджеттин жогорку деңгээлдеги тартыштыгын эске алуу менен Улуттук банк 2012-жылдын биринчи чейрегинде катуулатылган акча-кредит саясатын жүргүзүүсүн уланткан. Өтүп жаткан жылдын отчеттук мезгили ичинде монетардык түзүүчүлөрдү чектөө максатында. Улуттук банк, үстөк ликвиддүүлүктү стерилизациялоо боюнча операцияларын көбөйткөн: Улуттук банктын жүгүртүүдөгү ноталарынын көлөмү 2011-жылдын акырындагы 1,4 млрд. сомдон 2012-жылдын март айынын акырына карата 2,1 млрд. сомго чейин өскөн (2011-жылдын март айынын акырына карата – 1,2 млрд. сом); репо шарттарында сатылган жүгүртүүдөгү МБКлардын көлөмү 2011-жылдын акырындагы 206,8 млн. сомдон 2012-жылдын март айынын акырына карата 818,9 млн. сомго чейин өскөн (2011-жылдын март айынын акырында 230,8 млн. сом). 2012-жылдын биринчи чейрегинин акырына карата эсептик чен 9,56 пайызды (-4,05 п.п) түзгөн.

Алмашуу курсунун кескин өзгөрүлүп кетишине жол бербөө максатында Улуттук банк, 2012-жылдын биринчи чейрегинде, айрыкча январь-февраль айларында валюта интервенцияларын жүргүзгөн. Чет өлкө валютасын таза сатуу 30,3 млн. АКШ долларын (2011-жылдын биринчи чейрегинде – 62,5 млн. АКШ доллары) түзгөн. АКШ долларынын сомго карата алмашуу курсу отчеттук мезгил ичинде 0,74 пайызга, 1 АКШ доллары үчүн 46,4847сомдон, 46,8275 сомго чейин (2011-жылдын ушундай эле мезгилинде – 0,31 пайызга) жогорулаган.

2012-жылдын биринчи чейрегинде сом негизги соода өнөктөштөрдүн көпчүлүк валюталарына карата нарксызданган, бул өнөктөш өлкөлөрдөгү инфляциянын деңгээлине салыштырганда өлкөдөгү инфляциянын кыйла төмөн деңгээлде болушу, сомдун реалдуу эффективдүү алмашуу курсунун индексинин (РЭАК) 108,1ге чейин 4,1 пайызга төмөндөшүн шарттаган.

Очеттук мезгилдин жыйынтыгы боюнча акча базасы жыл башынан бери 53,8 млрд. сомду түзүү менен 1,9 пайызга кыскарган (2011-жылдын биринчи чейрегинде акча базасынын азаюусу 7,2 пайызды түзгөн). М2Х кеңири мааниде колдонулуучу акча базасы кароого алынып жаткан мезгил ичинде 81,0 млрд сомду түзүү менен 1,8 пайызга көбөйгөн.

2012-жылдын январь-март айларында алдын-ала алынган маалыматтарга ылайык экономикада 2011-жылдын январь-март айларына салыштырганда экономикалык өсүш арымынын 6,8 пайызга төмөндөгөндүгү байкалган (2011-жылдын январь-март айларында экономиканын өсүш арымынын) жогорулоосу 0,6 пайызды түзгөн. «Кумтөр» алтын кенин иштеп чыгуу ишканаларын эске албаганда, ИДӨнүн көлөмү 2012-жылдын январь-март айларында 4,5 пайызга өскөн (2011-жылдын биринчи чейрегинин жыйынтыгы боюнча ушул эле көрсөткүчтүн өсүшү 2,1 пайызды түзгөн).

Алдын-ала алынган маалыматтар боюнча төлөм теңдеминин сальдосу отчеттук жылдын биринчи чейрегинин жыйынтыгы боюнча 5,4 млн. АКШ доллары өлчөмүндө терс калыптанат. Ошону менен бирге эле отчеттук мезгил ичинде күндөлүк операциялар эсебинин ИДӨгө карата 9,3 пайыз өлчөмдөгү тартыштыгы күтүлүүдө, ал эми соода балансынын тартыштыгы 2,9 эсеге көбөйүү менен 623,5 млн. сомду түзөт. 2012-жылдын биринчи чейрегинин жыйынтыгы боюнча күндөлүк трансферттер боюнча таза агылып кирүүнүн 2011-жылдын биринчи чейрегиндеги 351,6 млн. АКШ долларынан 337,6 млн. АКШ долларына чейин төмөндөөсү күтүлүүдө. Дүң эл аралык камдардын көлөмү отчеттук мезгилдин акырына карата 1 862,2 млн. АКШ долларын түзгөн, бул товарлардын жана кызмат көрсөтүүлөрдүн келечектеги 3,7 айлык импортун жабат.

Финансы министрлигинин Борбордук казыналыгынын алдын-ала маалыматтары боюнча мамлекеттик бюджеттин тартыштыгы 2012-жылдын январь-март айларында 946,7 млн. сомду же ИДӨгө карата 1,9 пайызды түзгөн (2011-жылдын январь-март айларында бюджет ИДӨгө карата 3,2 пайыз өлчөмүндө профицит менен аткарылган).

## Акча-кредит көрсөткүчтөрдүн динамикасы

2012-жылдын биринчи чейрегинин акырына карата акча базасы жыл башынан бери 1,9 пайызга же 1,0 млрд. сомго азаюу менен 53,8 млрд. сомду түзгөн (2011-жылдын биринчи чейрегинде акча базасынын азаюусу 7,2 пайыз чегинде түптөлгөн). Өкмөттүн операцияларынын эсебинен акча базасы 1,3 млрд. сомго өскөн, ал эми Улуттук банктын операцияларынын эсебинен 2,3 млрд. сомго кыскарган.

Отчеттук мезгилде акча базасынын түзүмүндө жүгүртүүдөгү нак акчалардын үлүшү 2011-жылдын акырындагы 91,0 пайыздан 2012-жылдын март айынын акырына карата 89,9 пайызга чейин азайган. Ушуга ылайык, коммерциялык банктардын Улуттук банктагы корреспонденттик эсептериндеги каражаттарынын үлүшү 9,0 пайыздан 10,1 пайызга чейин көбөйгөн.

М0 банктардан тышкаркы акчалар 2012-жылдын отчеттук мезгили ичинде 2,5 пайызга төмөндөө менен 2012-жылдын март айынын акырына карата (2011-жылдын отчеттук мезгили ичинде 5,9 пайызга) 46,0 млрд. сомду түзгөн.

Банктардан тышкаркы акчаларды жана улуттук валютадагы депозиттерди кошо алганда, М2 акча базасы 2012-жылдын биринчи чейрегинин

акырына карата 0,7 пайызга көбөйүү менен 62,6 млрд. сом (2011-жылдын биринчи чейрегинде М2нин төмөндөөсү 4,8 пайыз) чегинде катталган.

Чет өлкө валютасындагы депозиттерди[1] камтыган, М2Х кеңири мааниде колдонулуучу акча массасынын көлөмү 2012-жылдын март айынын акырына карата жыл башынан бери 1,8 пайызга көбөйүү менен 81,0 млрд. сомду түзгөн (2011-жылдын биринчи чейрегинде М2Х акча топтомунун төмөндөөсү 3,7 пайызды түзгөн). Мында, кеңири мааниде колдонулуучу акча массасынын аныктамасына кирген депозиттердин жалпы көлөмү 8,1 пайызга көбөйгөн, анын ичинде улуттук валютадагы депозиттер 10,9 пайызга, чет өлкө валютасындагы депозиттер 5,7 пайызга көбөйгөн, бул жалпысынан банк тутумуна карата ишенимдин сакталып калгандыгын тастыктап турат.

М2Х кеңири маанидеги акча массасынын түзүмүндө улуттук валютадагы депозиттердин үлүшү 2012-жылдын биринчи чейрегинде 1,7 пайыздык пунктка, 20,4 пайызга чейин, ал эми чет өлкө валютасындагы депозиттердин үлүшү 0,8 пайыздык пунктка 22,7 пайызга чейин көбөйгөн. Мында, кеңири маанидеги акчаларды накталай түзүүчүлөр 2,5 пайыздык пунктка, 56,9 пайызга чейин азайган.

Коммерциялык банктардын экономиканын реалдуу секторун кредиттөөсүнүн кеңейүүсү кеңири маанидеги акча массасынын өсүшүнө салым кошкон. Алсак, экономикага кредиттердин өсүш арымы[2] 5,0 пайызды түзгөн: чет өлкө валютасында кредиттөө 6,3 пайызга, ал эми улуттук валютада 3,7 пайызга көбөйгөн.

М2Х кеңири маанидеги акчаларды жүгүртүү тездиги акча массасынын өсүш арымынын номиналдык ИДӨдөн артышынын натыйжасында, кароого алынып жаткан мезгил ичинде жыл башындагы 3,8ден, 2012-жылдын март айынын акырына карата 3,6га чейин төмөндөгөн. Ушуга ылайык, М2Х акча топтому боюнча эсептелген, экономиканы монеттештирүү коэфициенти отчеттук мезгилдин акырына карата жыл башынан бери 0,9 пайыздык пунктка көбөйүү менен 27,4 пайызды түзгөн.

## Инфляция: жыйынтыктар жана тенденциялар

2012-жылдын биринчи чейрегинде республикада 2011-жылдагы мол түшүмдүүлүктүн таасиринен улам, азык-түлүк товарларына дүйнөлүк баанын өсүшүнүн басаңдоосунун уланып жатышы алкагында, негизги азык-түлүк товарларына (нан азыктары жана таруу, жемиштер жана жашылчалар, эт, кант) баалардын төмөндөсү уланган.

Инфляциянын жылдык мааниси 2012-жылдын март айында (2011-жылдын мартына карата) 0,2 пайызды түзгөн, ал эми 2011-жылы ушул эле көрсөткүчү – 20,9 пайыз чегинде түптөлгөн. КБИ куржунунун түзүмүндө азык-түлүктөн башка товарларга баалардын өсүшү олуттуу салым кошкон. Товарлардын бул тобу жылдык мааниде 10,4 пайызга кымбаттаган, ал эми азык-түлүк товарларына баа 8,3 пайызга, алкогол ичимдиктерине жана тамеки заттарына 9,8 пайызга, акы төлөнүүчү кызматтарга 10,1 пайызга кымбаттаган.

[1] Өкмөттүн жана резидент эместердин депозиттерин эске албаганда.
[2] Кыргыз Республикасынын банк тутумунун Монетардык баяндамасына ылайык.

## 1-Таблица. Кыргыз Республикасындагы керектөө бааларынын индекси

| | 2012 жылдын марты | | | 2012-ж. январы-марты 2011-ж. январына-мартына |
|---|---|---|---|---|
| | 2012-ж. февралына | 2012-ж. декабрына | 2012-ж. мартына | |
| **Бардык товарлар жана кызмат көрсөтүүлөр** | **100.0** | **100.9** | **100.2** | **102.1** |
| анын ичинде | | | | |
| Тамак-аш азыктары жана алкоголсуз суусундуктар | 99.4 | 99.4 | 91.7 | 95.5 |
| Алкагол ичимдиктери жана тамеки заттары | 100.2 | 101.2 | 109.8 | 110.0 |
| Азык-түлүктөн башка товарлар | 100.7 | 102.6 | 110.4 | 110.2 |
| Кызмат көрсөтүүлөр | 100.2 | 101.6 | 110.1 | 110.1 |

Азык-түлүк товарларына баа жылдык мааниде 2012-жылдын март айынын жыйынтыгы боюнча 8,3 пайызга төмөндөгөн (2011-жылдын тиешелүү мезгилинде баалар жылдык мааниде 35,5 пайызга өскөн), анын ичинде «нан азыктары жана таруу» товардык тобу 15,8 пайызга төмөндөгөн, мында биринчи сорттогу буудай уну 26,9 пайызга арзандаган. Отчеттук жылдын биринчи чейрегинде нан азыктарына жана таруугa карата баа 3,8 пайызга төмөндөгөн, ал эми 2011-жылдын биринчи чейрегинде нан азыктарына баа 13,5 пайызга өскөн. 2012-жылы түптөлгөн баа динамикасы, көбүнчө, 2011-2012-МЖ өндүрүүчү өлкөлөрдө жана республикада дан эгиндеринин жана айыл-чарба өсүмдүктөрүнүн мол түшүмдүүлүгүнүн сакталып калган таасирине шартталган.

Канттын дүйнөлүк рыногунда баа Кыргызстандын ички рыногунда баалардын туруктуулугун шарттоо менен өз туруктуулугун сактап калган. Бул өнүмгө карата баа жылдык мааниде 20,8 пайызга төмөндөгөн, ал эми 2011-жылдын мартында кантка карата баа жылдык мааниде 19,3 пайызга өскөн.

Республикада жана өндүрүүчү өлкөлөрдө май чыгарылуучу өсүмдөрдүн мол түшүмдүүлүгүнүн сакталып калган таасири, майга жана тоң майга карата ички баалардын өсүш арымынын басаңдашын шарттаган. Алсак, «май жана тоң майлар» товардык тобу боюнча баалардын жылдык өсүш арымы 2011-жылдын март айынын жыйынтыгы боюнча 40,4 пайызга өсүшкө каршы 1,2 пайызды түзгөн.

Сүт азыктарына баалар жылдык мааниде 6,4 пайызга жогоруласа, мөмө-жемишке баа 29,4 пайызга төмөндөгөн. Эт азыктарына баа 2012-жылдын жыйынтыгы боюнча жылдык мааниде 14,4 пайызга өскөн.

Кыргыз Республикасынын Улуттук статистика комитетинин «Азык-түлүк коопсуздугу жана жакырчылык боюнча бюллетень» басылмасына ылайык, 2011-жылы экономиканын импортко көз карандуулугу жогорку деңгээлде сакталып калган. Алсак, 2011-жылдын январь-декабрь айларындагы алдын-ала маалыматтарга ылайык, нан азыктары товарлар тобу боюнча импортко көз карандуулук 2010-жылдагы тиешелүү көрсөткүчкө салыштырганда 9,7 пунктка көбөйүү менен 53,7 пайызды, өсүмдүк майлары боюнча 57,1 пайызды (-7,0 п.п), кант жана кондитердик заттар боюнча – 80,8 пайызды (+20,1 п.п) түзгөн.

«Кыргыз Республикасынын азык-түлүк коопсуздугу жөнүндө» мыйзамга ылайык азык-түлүк коопсуздугун камсыз кылуунун максаты болуп, тамак-аш азыктарынын болушуна, жеткиликтүүлүгүнө жана коопсуздугуна негизденген, аларды керектөөнүн минималдуу нормаларына ылайык, калайык-калктын тамак-аш азыктарынан зарыл болгон өлчөмдө колдоно алуусу үчүн шарттарды түзүү саналат.

2011-жылы өлкөдө азык-түлүк коопсуздугуна байланыштуу орун алган жагдай анчалык деле өзгөрүүгө учураган эмес жана мурдагыдай эле өзгөчө көңүл бурууну талап кылууда. Алсак, азык-түлүк товарларынын айрым

түрлөрү боюнча ички керектөөнү жеткиликсиз камсыздандыруу сакталып турууда.

Азык-түлүктөн башка товарларга баа индексинин өсүшү жылдык мааниде 10,4 пайызды түзгөн, бул 2011-жылдагы тиешелүү көрсөткүчтөн 1,6 пайыздык пунктка төмөн. Кийимге жана бут кийимге баа, негизинен, эркектердин жана аялдардын кийиминин, тиешелүүлүгүнө жараша 11,5 пайызга жана 11,0 пайызга кымбатташынын эсебинен 12,8 пайызга жогорулаган. «Электрэнергиясы, газ жана отундун башка түрлөрү» тобу боюнча тарифтердин жылдык мааниде 5,2 пайызга жогорулагандыгы катталган. «Үй тиричилик буюмдары жана тиричилик техникасы» тобу боюнча баалардын өсүшү белгиленген, ал 12,7 пайызды түзгөн. Мындай динамиканын түптөлүшүнө тиричилик текстиль буюмдарынын 15,0 пайызга, ошондой эле эмеректин жана полго төшөлмөлөрдүн 12,4 пайызга кымбатташы негизги себеп болгон. Күйүүчү-майлоочу материалдардын наркы жылдык мааниде 11,1 пайызга, анын ичинде бензинге баа 11,4 пайызга, дизель отунуна баа 16,2 пайызга өскөн. 2012-жылдын биринчи чейрегинде КММга баа 2,4 пайызга төмөндөгөн, анын ичинде бензин 2,7 пайызга арзандаса, дизель отунуна баа 1,4 пайызга өскөн.

Кароого алынып жаткан мезгил ичинде акы төлөнүүчү кызматтарга баа индекси жылдык мааниде 10,1 пайызга (2010-жылдагы ушул мезгилде 11,6 пайызга) өскөн. Бул топ боюнча индекстин өсүшү, көбүнчө, ресторандардын жана мейманканалардын кызматтарынын 18,2 пайызга, ошондой эле билим берүү кызматтарынын (+14,8 пайызга) жана транспоттук кызмат көрсөтүүлөрдүн (+8,7 пайызга) кымбатташынын эсебинен жүргөн. Ал эми салматтыкты сактоо кызмат көрсөтүүлөрү 11,7 пайызга кымбаттаган.

## Реалдуу сектор

Алдын ала алынган маалыматтар боюнча 2012-жылдын январь-март айларында ИДӨнүн көлөмү 2011-жылдагы тиешелүү көрсөткүчкө салыштырганда 6,8 пайызга төмөндөгөн, ал эми 2011-жылдын январь-март айларында ИДӨнүн көлөмү 0,6 пайызга өскөн. «Кумтөр» алтын кенин иштеп чыгуу ишканаларын эске албаганда, ИДӨнүн көлөмү отчеттук жылдын январь-март айларында 4,5 пайызга өскөн (2011-жылдын биринчи чейрегинин жыйынтыгы боюнча тиешелүү көрсөкүчтүн өсүшү 2,1 пайызды түзгөн). ИДӨ дефлятору алдын-ала алынган маалыматтар боюнча 2012-жылдын биринчи чейрегинде 2011-жылдын январь-март айларындагы 12,7 пайызга каршы 14,3 пайыз деңгээлинде түптөлгөн.

**2-таблица. Иштин айрым түрлөрүнүн ИДӨнүн өсүшүнө/төмөндөөсүнө кошкон салымы** *(пайыздарда)*

| | Салыштырма салмак | | Өсүш арымы | | Өсүшко салым | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| | 2011 1 чей. | 2012 1 чей. | 2011 1 чей. | 2012 1 чей. | 2011 1 чей. | 2012 1 чей. |
| Айыл чарбасы, мергенчилик жана токой чарбасы | 8.5 | 11.4 | 0.4 | 1.0 | 0.0 | 0.1 |
| Тоо кендерин казып алуу өнөр жайы | 0.7 | 0.9 | 26.6 | -3.7 | 0.1 | 0.0 |
| Кайра иштетүү өнөр жайы | 23.1 | 13.2 | -4.3 | -42.7 | -1.0 | -9.8 |
| Э/э, газды жана сууну өндүрүү жана бөлүштүрүү | 5.4 | 5.6 | 27.7 | 24.0 | 1.6 | 1.3 |
| курулуш | 3.1 | 3.4 | -20.7 | 12.0 | -0.7 | 0.4 |
| Соода; автоунааларды оңдоо | 16.2 | 16.7 | -4.1 | 6.8 | -0.6 | 1.1 |
| Транспорт жана байланыш | 10.0 | 10.7 | 12.9 | 8.2 | 1.2 | 0.8 |
| Жана башкалар | 21.2 | 23.1 | -0.2 | 1.0 | 0.0 | 0.2 |
| Тамак-ашка таза салыктар | 11.8 | 15.0 | 0.6 | -6.8 | 0.1 | -0.8 |
| **ИДӨ** | **100.0** | **100.0** | **0.6** | **-6.8** | **0.6** | **-6.8** |
| **Кумтөрдү эске албаганда ИДӨ** | **82.1** | **91.7** | **2.1** | **4.5** | **1.8** | **3.7** |

*Булагы: УСК, Улуттук банктын эсептөөлөрү*

2012-жылдын биринчи чейрегинде өнөр жай продукциясын өндүрүүнүн физикалык көлөмү 27,7 пайызга төмөндөгөн. «Кумтөр» алтын кенин иштеп чыгуу боюнча ишканаларды эске албаганда, өнөр жай өндүрүшүнүн өсүшү 17,2 пайызды (2011-жылдын январь-март айларынын жыйынтыгы боюнча өнөр жай продукциясын өндүрүүнүн өсүшү 1,4 пайызга, ал эми «Кумтөрдү» эске албаганда 11,9 пайызга жеткен).

Иштеп чыгуу өнөр жайында өндүрүштүн көлөмү «Кумтөр» алтын кенин иштеп чыгуу ишканаларында өндүрүштүн кыскаруусунун алкагында, 2011-жылдагы тиешелүү көрсөткүчкө салыштырганда 42,7 пайызга төмөндөгөн.

Электрэнергиясын, газды жана сууну өндүрүү жана бөлүштүрүү тармагы ИДӨнүн көлөмүнүн өзгөрүүсүнө алгылыктуу салым (1,3 п.п) кошкон. Бул тармакта өндүрүш 24,0 пайызга өскөн, бул, электрэнергиясын өндүрүүнүн 19,5 пайызга жана электрэнергиясын бөлүштүрүү боюнча кызматтардын 47,8 пайызга өсүшү менен шартталган.

Айыл чарба продукциясын дүңүнөн чыгаруу 2011-жылдын биринчи чейрегинин жыйынтыгы боюнча 0,4 пайызга өсүшүнө каршы, реалдуу мааниде 1,0 пайызга көбөйүү менен 17,5 млрд. сомду түзгөн.

Соода операцияларын жүгүртүү 2012-жылдын январь-март айларында 2011-жылдын ушундай эле көрсөткүчүнө салыштырганда реалдуу мааниде 7,3 пайызга көбөйүү[1] менен 46,8 млрд. сомду түзгөн (2011-жылдын январь-март айларында сооданын көлөмү 3,6 пайызга төмөндөгөн). Соода опеарцияларынын көлөмүнүн көбөйүүсүнө биринчи чейректе чекене жана дүң соода салым кошкон.

Негизги капиталга инвестициялардын көлөмү 2012-жылдын биринчи чейрегиндеги алдын-ала маалыматтар боюнча 2011-жылдагы тиешелүү көрсөткүчкө салыштырганда реалдуу мааниде 8,7 пайызга көбөйгөн жана номиналдык мааниде 6,1 млрд. сомду түзгөн, ал эми 2011-жылдын январь-март айларында тиешелүү көрсөткүч 26,5 пайызга кыскарган. Негизги капиталга инвестициялардын көлөмүнүн көбөйүүсү тоо кендерин казып алуу жана иштеп чыгуу өнөр жай объектилерине, соодага жана билим берүүгө өздөштүрүлгөн каражаттардын көбөйүүсү менен шартталган.

## Тышкы экономикалык сектор[2]

Болжолдонуп берилген маалыматтар боюнча 2012-жылдын биринчи чейрегинде, «кирешелер» статьясы боюнча терс сальдонун төмөндөөсүнө карабастан, соода балансынын тартыштыгынын олуттуу өсүшү, ошондой эле кызмат көрсөтүүлөр жана трансферттер балансынын начарлоосу күндөлүк операциялардын эсебинин тартыштыгынын ИДӨгө карата 9,3 пайызга чейин көбөйүүсүнө алып келет (2011-жылдын биринчи чейрегинде 8,9 пайыз).

2012-жылдын биринчи чейрегинин жыйынтыгы боюнча Кыргыз Республикасынын соода балансынын тартыштыгы 2,9 эсеге көбөйөт жана 623,5 млн. АКШ долларын түзөт.

Товарлардын экспорту (ФОБ баасында) 2011-жылдын тиешелүү мезгилиндеги көрсөткүчкө салыштырганда 10,7 пайызга төмөндөө менен 439,5

---

[1] Кошулган нарк боюнча эсептелген.

[2] Дүң эл аралдык камдар боюнча маалыматтар 2012-жылдын 31-мартына карата айкын болуп саналат, ал эми тышкы соода жана күндөлүк трансферттер боюнча маалыматтар 2012-жылдын биринчи чейреги ичиндеги алдын-ала маалыматтардын негизинде түзүлгөн, калган башка маалыматтар – болжолдуу.

млн. АКШ доллары өлчөмүндө түптөлгөн. Товарлардын импорту (ФОБ баасында) 2012-жылдын биринчи чейрегинде 50,7 пайызга көбөйүү менен 1 062,9 млн. АКШ долларын түзөт.

Кароого алынып жаткан мезгил ичинде күндөлүк трансферттер боюнча таза агылып кирүүнүн 2011-жылдын ушундай эле мезгилиндеги 351,6 млн. АКШ долларынан отчеттук мезгилде 337,6 млн. АКШ долларына чейин төмөндөөсү күтүлүүдө.

Биринчи чейректин жыйынтыгы боюнча капитал менен операциялардын жана финансылык операциялардын эсеби 382,3 млн. АКШ доллары өлчөмүндө оң сальдодо калыптанат, бул 2011-жылдагы тиешелүү көрсөткүчтөн (251,9 млн. АКШ доллары) 52,8 пайызга артат.

Финансылык эсептин сальдосу да 356, 0 млн. АКШ доллары өлчөмүндө оң түптөлөт, бул 2011-жылдагы тиешелүү көрсөткүчтөн 35,2 пайызга көп. Бул тенденция, эң оболу, «башка инвестициялар» статьясы боюнча таза агылып кирүүнүн, көбүнчө тышкы займдарды тартуунун эсебинен 6 эсеге көбөйүүсүнө шартталат.

Ошентип, биринчи чейректин жыйынтыгы боюнча төлөм теңдеминин сальдосу 5,4 млн. АКШ доллары өлчөмүндө терс калыптанат. Дүң эл аралык камдардын көлөмү отчеттук мезгилдин акырына карата 1 862,2 млн. АКШ долларын түзөт, бул товарлардын жана кызмат көрсөтүүлөрдүн келечектеги 3,7 айлык импортун жабат.

Алдын-ала алынган маалыматтар боюнча сомдун номиналдуу эффективдүү алмашуу курсунун (НЭАК) индекси 2012-жылдын башталышынан тартып 3,5 пайызга төмөндөгөн жана март айынын акырына карата 112,1 түзгөн.

Мындай төмөндөө сомдун негизги соода өнөктөштөрдүн көпчүлүк валюталарына карата нарксызданышы менен шартталган. 2012-жылдын март айында сомдун 2011-жылдын декабрь айындагы орточо курсуна салыштырганда орус рублине карата 6,9 пайызга, кытай юанына 0,9 пайызга, еврого карата 0,8 пайызга нарксызданышы[1] белгиленген.

Сомдун НЭАК индексинин нарксызданышы менен катар эле Кыргызстанда инфляциянын төмөн деңгээлде болушу[2], РЭАК индексинин төмөндөөсүн шарттаган, ал 2011-жылдын декабрь айынан тартып 4,1 пайызга төмөндөгөн жана 2012-жылдын март айынын акырына карата 108,1 түзгөн.

## Мамлекеттик финансы сектору

Финансы министрлигинин Борбордук казыналыгынын алдын-ала маалыматтары боюнча мамлекеттик бюджеттин тартыштыгы 2012-жылдын январь-март айларында 946,7 млн. сомду же ИДӨгө карата 1,9 пайызды түзгөн (2011-жылдын январь-март айларында бюджет ИДӨгө карат 3,2 пайыз өлчөмүндө профицит менен аткарылган). Мында, келип түшкөн расмий трансферттерди эске албаганда мамлекеттик бюджеттин тартыштыгы 1,8 млрд. сомду же ИДӨга карата 3,6 пайызды түзгөн. Мамлекеттик бюджетти жалпы каржылоо кароого алынып жаткан мезгил ичинде 5,4 млрд. сомду түзгөн:

---

[1] Маалыматтар сомдун номиналдуу эки тараптуу алмашуу курсу боюнча келтирилген, индексти эсептөө үчн базалык мезгил катары 2000-жыл колдонулат

[2] Кыргыз Республикасында 2011-жыл үчүн инфляция 0,8 пайызды түзгөн, ал эми негизги соода өнөктөш өлкөлөрдө инфляциянын орточо деңгээли, алдын-ала эсептөөлөр боюнча 1,5 пайызды түзгөн.

алардын ичинен ички каржылоо – 5,1 млрд. сом, тышкы каржылоо – 0,3 млрд. сом.

Кыргыз Республикасынын Социалдык фондунун алдын ала маалыматтары боюнча Социалдык фонддун бюджетинин тартыштыгы 2012-жылдын январь-март айларында 0,3 млрд. сомду же ИДӨгө карата 0,6 пайызды, кирешелер 6,8 млрд. сомду же ИДӨгө карата 13,5 пайызды, чыгашалар 7,2 млрд. сомду же ИДӨгө карата 14,1 пайызды түзгөн.

Консолидацияланган бюджеттин тартыштыгы (мамлекеттик бюджет + Социалдык фонддун бюджети) кароого алынып жаткан мезгилдин жыйынтыгы боюнча 1,3 млрд. сом же ИДӨгө карата 2,5 пайыз чегинде катталган.

2012-жылдын январь-март айларында мамлекеттик бюджеттин операциялык иштен кирешелери 17,3 млрд. сомду же ИДӨгө карата 34,1 пайызды түзгөн. 2011-жылдын ушундай эле көрсөткүчүнө салыштарганда өсүш арым 9,1 пайызга каршы 14,3 пайызды[1] түзүү менен көбөйгөн, бул жалпысынан, акыркы беш жылда түптөлгөн орточо жылдык деңгээлден төмөн.

Мамлекеттик бюджеттин операциялык ишке чыгашалары биринчи чейректе 35,8 пайызга[2] же 4,7 млрд. сомго көбөйүү менен 17,7 млрд. сомду түзгөн.

Бюджеттик чыгашаларды функционалдык классификациялоого ылайык, отчеттук мезгил ичинде ИДӨгө карата билим берүүгө (2,6 п.п), саламаттыкты сактоого (2,1 п.п), социалдык коргоого (1,8 п.п), жалпы маанидеги мамлекеттик кызматка (0,7 п.п), эс алууга, маданиятка жана динге (0,3 п.п), коомдук тартипке жана коопсуздукка (0,2 п.п), ошондой эле экономикалык маселелерге (0,1 п.п) чыгашалардын көбөйүүсү байкалган. ИДӨгө карата чыгашалар турак-жай коммуналдык кызмат көрсөтүүлөрүнө (0,3 п.п) кыскарган, ал эми айлана-чөйрөнү коргоого чыгашалар өзгөргөн эмес.

Мамлекеттик бюджеттин чыгашалары 2012-жылдын январь-март айларында эмгекке төлөөгө мамлекеттик бюджеттин операциялык ишке чыгашаларынын жалпы көлөмүндө 5,9 млрд. сомду же 33,2 пайызды түзүү менен 42,3 пайызга (2011-жылдын биринчи чейрегинде эмгекке төлөөгө чыгашалардын өсүшү 18,7 пайыз чегинде катталган) көбөйгөн. Бул статья боюнча чыгашалардын көбөйүүсү көбүнчө, билим берүү мекемелеринин кызматкерлери үчүн саатына төлөп берүүгө негизденген, эмгек акыга төлөөнүн жаңы системасынын киргизилгендигине байланыштуу, ошондой эле саламаттыкты сактоо, социалдык коргоо, маданият, исскуство, маалымат, илим, дене тарбия жана спорт чөйрөсүндө эмгектенишкен техникалык жактан жана кенже тейлөөчү персоналдын эмгек акыларынын көбөйүүсүнөн улам, эмгек акыга чыгашалардын өсүшүнө (40,5 пайызга же 1,5 млрд. сомго) байланыштуу болгон. Товарларды жана кызматтарды пайдаланууга чыгашалар негизинен, саламаттыкты сактоо системасында бирдиктүү статья менен берилген чыгашалардын өсүшүнүн эсебинен 63,7 пайызга же 1,4 млрд. сомго көбөйүү менен 3,7 млрд. сомду түзгөн. Социалдык жөлөк пулдарга жана субсидияларга чыгашалар 28,7 пайызга же 1,1 млрд. сомго көбөйүү менен 4,9 млрд. сомду (ИДӨгө карата 9,6 пайызды) түзгөн.

Экономикалык классификацияга ылайык мамлекеттик бюджеттин чыгашаларынын өсүшүнө бир аз салымды эмгекке төлөөгө (13,4 п.п),

---

[1] Реалдуу мааниде (КБИге коректировкаланган) мамлекеттик бюджеттин операциялык иштерден кирешеси 11,9 пайызга көбөйгөн.

[2] Реалдуу мааниде (КБИге коректировкаланган) 14,8 пайызга көбөйгөн.

товарларды жана кызматтарды пайдаланууга (10,9 п.п) чыгашалар жана субсидияларга жана социалдык жөлөк пулдарга (8,3 п.п) чыгашалар камсыз кылышкан.

2012-жылдын март айынын акырына карата абал боюнча мамлекеттик карыз 146,0 млрд. сомду (3,1 млрд. АКШ долларын[1]), алардын ичинен ички карыз 13,1 млрд. сомду, тышкы карыз 132,8 млрд сомду[1] түзгөн. Мамлекеттик карыз 2012-жылдын январь-март айларында 2011-жылдын акырындагы көрсөткүчкө салыштырганда 2,0 пайызга же 2,8 млрд. сомго көбөйгөн. Мамлекеттик карызды тейлөө бюнча пайыздык төлөөлөр биринчи чейректе 707,3 млн. сомду (2011-жылдын январь-март айларында – 481,6 млн. сом) түзсө, алардын ичинен ички жана тышкы карыз боюнча төлөөлөрдүн салыштырма салмагы жалпы пайыздык төлөмдөрдүн, тиешелүүлүгүнө жараша 28,7 жана 71,3 пайызды түзөт. 2011-жылдын биринчи чейрегиндеги тиешелүү көрсөткүчкө салыштырганда тышкы карыз боюнча пайыздык төлөөлөр 39,8 пайызга же 143,7 млн. сомго, ал эми ички карыз боюнча 67,9 пайызга же 82,1 млн. сомго көбөйгөн.

Отчеттук мезгилде финансылык эмес активдерди (төмөнкү топтор боюнча операцияларды камтыган: негизги фондулар, запастар, жер) сатып алуу боюнча операцияларга бюджеттик каражаттардын агылып чыгуусу 523,1 млн. сомду же ИДӨгө карата 1,0 пайызды (2011-жылы 582,6 млн. сомду же ИДӨгө карата 1,2 пайызды) түзгөн.

## Финансы сектору

### *Банк тутуму*

2012-жылдын март айынын акырына карата абал боюнча[2] Кыргыз Республикасынын аймагында Пакистан Улуттук банкынын Бишкектеги филиалын кошо алганда, 22 коммерциялык банк[3] иштеп турган (2011-жылдын тиешелүү мезгилинде да 22 коммерциялык банк иш жүргүзгөн).

2012-жылдын март айынын акырына карата банк тутуму тарабынан жалпысынан 485,0 млн. сом өлчөмүндөгү (2011-жылдын тиешелүү мезгилинде 368,3 млн. сом) пайда алынган. Банк тутумунун сумаардык активдерижыл башынан бери 6,9 пайызга көбөйгөн жана биринчи чейректин акырына карата 71,3 млрд. сомду түзгөн.

Бүтүндөй алганда, 2012-жылдын биринчи чейреги өлкөнүн банк тутумунда улуттук валютада сыяктуу эле, чет өлкө валютасында да пайыздык чендердин жалпы деңгээлинин сакталып турушу шартында, депозиттик базанын өсүш тенденциясынын сакталып турушу менен шартталган, мында портфелдин көбөйүүсү өсүш арымдын анын валюталык түзүүчүлөрдөн артышынын алкагында жүргөн.

---

[1] Маалыматтар Улуттук банк тарабынан эсептелген (2011-жылдын 31-декабрына карата 1 АКШ доллары = 46,8275 сом).

[2] Маалыматтар коммерциялык банктардын регулятивдик отчетуна ылайык келтирилген.

[3] «АзияУниверсалБанк» ААКсы 2010-жылдын 1-декабрынан тартып банк тутумунан чыгарылган: соттун банкроттук жол-жоболорун баштоо жана консервация режимин токтотуу (Улуттук банк Башкармасынын 2010-жылдын 1-ноябрындагы №83/1 токтомуна ылайык) жөнүндө чечимине байланыштуу. Улуттук банк Башкармасынын 2010-жылдын 16-декабрында №91/1 токтомуна ылайык лицензия алган, «Залкар Банк» ААКсы 2010-жылдын 24-декабрынан тартып банк тутумуна киргизилген.

Кароого алынып жаткан мезгилдин акырына карата коммерциялык банктардын депозиттик базасынын көлөмү жыл башынан бери 9.2 пайызга көбөйүү менен 42,2 млрд. сомду түзгөн. Мында, көбөйүү депозиттик базанын валюталык түзүүчүлөрүнүн 11,1 пайызга өсүшү сыяктуу эле, сом түрүндөгү аманаттардын 7,3 пайызга өсүшүнүн эсебинен да камсыз болгон.

Отчеттук мезгил ичинде коммерциялык банктарга депозиттердин агылып кирүүсүнүн көбөйүүсү белгиленген. Жаңы кабыл алынган депозиттердин көлөмү 2011-жылдагы тиешелүү көрсөткүчкө салыштырганда 28,0 пайызга көбөйүү менен 2012-жылдын биринчи чейрегинде[1] 49,9 млрд. сомду түзгөн. Улуттук валютада жаңы кабыл алынган депозиттер боюнча орточо салмактанып алынган пайыздык чен жылдык мааниде 0,1 пайыздык пунктка жогорулоо менен 2,1 пайыз чегинде катталган. Чет өлкө валютасында жаңы кабыл алынган депозиттер боюнча чен 0,3 пайыздык пунктка, 0,8 пайызга чейин төмөндөгөн.

Иштеп турган коммерциялык банктардын кредит портфелинин көлөмү 2012-жылдын биринчи чейрегинин акырына карата жыл башынан бери 4,7 пайызга көбөйүү менен 32,7 млрд. сомду түзгөн. Мында кредит портфелдин сом түрүндөгү бөлүгү 14,4 млрд. сом өлчөмүндө түптөлүү менен 3,0 пайызга көбөйгөн. Чет өлкө валютасында берилген кредиттердин көлөмү март айынын акырына карата жыл башындагы тиешелүү көрсөткүчтөн 6,1 пайызга артуу менен сомдук эквивалентинде 18,3 млрд. сомду түзгөн (АКШ долларынын чыңдалуусун эске алуу менен көбөйүү 5,3 пайызды түзгөн).

Кароого алынып жаткан мезгилдин акырына карата банктардын кредит портфели областтар боюнча төмөнкүчө бөлүштүрүлгөн. 2012-жылдын январь-март айларында кредит портфелинин олуттуу бөлүгүн ээлеген соодага кредиттердин үлүшү 41,7 пайызга чейин (1.1 п.п) төмөндөгөн. Ошондой эле, ипотекага кредиттердин салыштырма салмагы – 9,6 пайыздан 9,3 пайызга чейин жана курулушка 5,6 пайыздан 5,4 пайызга чейин төмөндөгөн. Ошону менен бирге эле, айыл-чарба кредиттеринин үлүшүнүн 13,5 пайызга чейин (0,8 п.п) өсүшү белгиленген. Мындан тышкары, керектөө кредиттеринин үлүшү – 8,8 пайыздан 8,9 пайызга чейин, ал эми өнөр жайына кредиттердин салыштырма салмагы жалпы көлөмдө 5,5 пайызга (0,2 п.п) өскөн. Ал эми «башка» кредиттердин салыштырма салмагы отчеттук чейректе 12,9 пайыздан 13,1 пайызга чейин көбөйгөн. Транспорт, байланыш чөйрөсүнө, даярдоого жана кайра иштетүүгө жана социалдык кызматтарга кредиттер, мурдагыдай эле, бир аз үлүштү – суммардык тартипте 2,5 пайызды түзгөн.

Биринчи чейректе жаңы берилген кредиттердин көлөмү 8,5 млрд. сомду түзгөн, бул 2011-жылдын тиешелүү мезгилинде берилген суммадан 41,6 пайызга жогору. Улуттук валютадагы кредиттер 17,7 пайызга, ал эми чет өлкө валютасындагы кредиттер 71,8 пайызга көбөйгөн. Улуттук валютада жаңы берилген кредиттер боюнча орточо салмактанып алынган пайыздык чен 2011-жылдагы көрсөткүчкө салыштырганда 22,1 пайызды түзүү менен 1,0 п.п төмөндөгөн. Ал эми чет өлкө валютасындагы чен, тескерисинче, 0,3 п.п, 20,5 пайызга чейин өскөн.

Улуттук валютадагы кредиттер боюнча реалдуу чендин орточо мааниси 2012-жылдын биринчи чейрегинде өткөн жылдын тиешелүү мезгилиндеги 15,7 пайызга каршы, 21,0 пайызды түзгөн.

---

[1] Жаңы кабыл алынган депозиттердин көлөмүндө банктардын кардарларынын эсептик чендери эске алынбайт.

*Улуттук банктан лицензия алышкан банктык эмес финансы-кредит мекемелери*

Отчеттук жылдын биринчи чейрегинин акырына карата Кыргыз Республикасынын банктык эмес финансы-кредит мекемелеринин саны (БФКМ) 925ди түзгөн, алардын ичинде: Кредиттик Союздарды Колдоо Боюнча Финансы Компаниясы (Финансы Компаниясы) – 1, кредиттик союздар (КС) – 191, микро-кредиттик компаниялар (МКК) – 346, микро-кредиттик агенттиктер (МКА) – 104, микро-финансылык компаниялар (МФК) – 4, алмашуу бюролору – 279 (2011 –жылдын тиешелүү мезгилинде БФКМдердин саны 866 түзгөн).

БФКМдердин кредит портфели[1] 2011-жыл ичинде 41,9 пайызга көбөйүү менен 15 730,4 млн. сом чегинде катталган.

**3-таблица. БФКМдердин кредит портфели (млн. сом)**

| **БФКМдердин аталышы** | **31.12.2011** | **31.03.2012** |
|---|---|---|
| Финансы компаниясы | 434,8 | 430,2 |
| МФУ (МФК, МКК/МКА)[2] | 14 498,7 | 14 498,7[3] |
| *анын ичинде МФК* | 5 358,9 | 5 474,4 |
| Кредиттик союздар | 1 231,7 | 1 223,1 |
| **Бардыгы болуп** | **15 730,4** | **15 721,8** |

[1] Маалыматтар Финкомпанияны эске алуусуз берилди (анткени Финкомпаниянын кредиттери кредиттик союздарга берилген).

[2] МКК/МКА отчетту жарым жылдык негизде берип турат.

[3] Маалыматтар 2011-жылдын акырына карата келтирилген

Орточо салмактанып алынган пайыздык чен 2012-жылдын март айынын акырына карата Финкомпания боюнча 15,9 пайызды, МФУ кредиттери боюнча – 37,4 пайызды жана кредиттик союздар боюнча – 28,4 пайызды түзгөн.

Кредиттик союздарда депозиттик базанын жалпы көлөмү отчеттук мезгилдин акырына карата жыл башынан бери 12,1 пайызга көбөйүү менен 39,7 млн. сом чегинде (2011-жылдын 31-декабрына карата абал боюнча – 35,5 млн. сом) катталган. МФКдагы депозиттик базанын жалпы көлөмү 2012-жылдын март айынын акырына карата жыл башынан бери 246,7 пайызга көбөйүү менен 17,6 млн. сомду (2011-жылдын 31-декабрына карата абал боюнча – 5,1 млн. сом) түзгөн.

[1] Маалыматтар Финкомпанияны эске алуусуз берилди (анткени Финкомпаниянын кредиттери кредиттик союздарга берилген).